# Чоң кишинин бир күнү



Автор: Назгуль Кулматова
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Мавлян Канжарбек уулу

# Чоң кишинин бир күнү

Автор: Назгуль Кулматова
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Мавлян Канжарбек уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Взрослый выходной*, Copyright © 2023, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
«Чоң кишинин бир күнү» (кыргыз тилинде), автор Назгуль Кулматова, которгон Талгат Деркембаев, сүрөтчү Мавлян Канжарбек уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Апам экөөбүз таттуулар менен чай ичип отурганбыз.

– Бүгүн аябай чарчадым! – дедим мен.

– Анча чарчагандай эмне иш кылдың? – деди апам жылмайып.

– Китептер менен эски оюнчуктарды ким жыйнады?

– Балам, сен оюнчуктарың менен жарым күн ойноп отурдуң го.

– Сиз деле бир күн ноутбук чукулап отурдуңуз го!

– Мейли, бир күн дейли. Бирок мен иштеп отурдум, – деп акырын гана айтты апам.

Эмнегедир апам акырын сүйлөп жатат. Жай сүйлөгөндө бир нерсе болчу эле.

Бирок мен жеңилгим келген жок.



– Сизге эле жакшы. Сабак окубайсыз. Оюнчуктарды жыйнабайсыз. Кантип эс алыш керек экенин да сиз чечесиз! Дагы эле мени кичинекей баладай көрөсүз!

– Чоң киши болгуң келип жатабы? Балким, мен деле чоң болгондон чарчаган чыгармын. Балким, мен бала болгум келет. Кел, бир күн орун алмашалы. Сен бир күндү кантип өткөрүү керек экенин чечесиң. Мен болсо сенин жашооң канчалык кыйын экенин билейин, – деди апам.

Биз унчукпай чай ичип бүттүк. Мен апам менен таптакыр талашкым келген эмес. Бирок ал менин сөздөрүмө маани бербей, таарынгандай эле отура берди.



Мен биздин баягы талашыбызды унутуп калыптырмын.

– Кана, уулум, эртең чоң киши болгонго даярсыңбы? – деди апам ишемби күнү.

Мен апамдын көздөрүн тиктеп калыптырмын.

– Чын эле айтып жатасызбы? Тамаша го деп ойлогом!

– Тамаша эмес, бир жума бою ушул күндү күттүм. Эми ордубузду алмашабыз! – деди апам бир нерсеге кубангандай жылмайып.

Чегинүүгө кеч болуп калгандай. Мен бир аз коркуп турдум. Эми мен чоң боло турганымды далилдешим керек!

– Жарайт. Бирок сиз мени угасыз!

Апам экөөбүз кол алыштык.

Экөөбүз чыдабай күлүп жиберип, бири-бирибизди кытыгылап баштадык.

Мына сага чондор!

Дем алыш күн болду.

Мен атайы эрте ойгондум. Башка күнү деле уйкумду кандырып алууга жетишем. Таң заардан апама чоң киши болгонумду көрсөтүшүм керек.

Апам ашканага киргенде дасторконду жайып, чай, быштак, бутерброд, йогурт коюп күтүп алдым.

– Биринчи жуунуп келиш керек, – дедим сүрдүү.

– Ооо! Башталды! – деп апам күлүп, жуунганы кетти.





– Быштактан жеңиз, – деп алдына табакты жылдырдым.

– Жегим келген жок! – деп апам куулана карап, табакты ары жылдырып койду.

Мен да күлүп, табакты кайра алдына койдум.

– Быштак абдан пайдалуу!

– Мен мунун баарын жей албайм! – деди апам эркелеп.

Мындайды күткөн эмесмин! Менин сөздөрүмдү кайталап жооп бергени туура эмес да.


Бирок ушул жерден бир нерсе эсиме түштү:

– Баарын жеп бүткөндөн кийин паркка барабыз.

– УРААА! – деп апам кыйкырып жиберди. Кулагым тунуп калгандай болду.

– Катуу кыйкырбаңыз! Кошуналардын баары качып кетет, – дедим.

Апам ушунчалык тез жей баштады. Какап калбаса экен деп чочуладым. Тим эле кичинекей кыз болуп кетет да.



Тамактан кийин апам кийинип, эшиктин алдына туруп калыптыр.

Мен терезелердин жабылганын, үтүктүн суурулганын текшерип чыктым. Кадыресе эле чоң кишидеймин. Демек, менин чоңойгонум ушул да.

– Тезирээк болбойсуңбу! – деди апам чыдамы кетип жер тепкилеп.

Мен ийинимди куушуруп койдум. Биз сыртка сейилдегени жөнөдүк.

Паркта эл көп экен.

– Мен "Көрүү дөңгөлөгүнө" отуруп айлангым келип жатат! – деп апам шаштырып жатты.

Мен күлүп, макул болдум. Шайтандын дөңгөлөгү десе!

Биз кассага келдик. Апам акчасын чыгарганда, токтотуп койдум. Өз чөнтөгүмөн төлөп билет алдым. Апам унчуккан жок.

– Балмуздакка тыйыным жетпейт окшойт, – дедим акырын шыбырап.

– Сен дөңгөлөккө төлө, мен балмуздак алайын, – деди апам. Макул болдум.



Биз көрүү дөңгөлөгү түшүү үчүн кезекке турдук.

Ушул жерден апам бирди баштаса болобу!

– Мен суусап жатам! – деп наалый баштады.

– Чыдап тур, – дедим.

– Мен аябай ысып кеттим! – деди апам дагы эле тынчтана албай.

Мен да суусадым. Бирок кезек жакындап калган. Эгер басып кетсек, кезегибиз өтүп кетет.

– Алгач каруселге түшөлү. Андан кийин суу сатып алалы!

– Суу ичким келген жок, фанта ичким келип жатат, – деп апам айтканынан кайтпай турду.

– Эч кандай фанта ичпейсиз. Шире же суу эле ичесиз, – деп олуттуу сүйлөдүм.

Ушул маалда бактыга жараша кезек келип калды.



Өйдө жактан парк алаканга салгандай көрүнөт экен.

Апам бетин айнекке такап туруп алды. Мен да ошентейин дегем. Бирок чоң экенимди эстей калдым.

– Айнек кир. Бетиңиз менен жабышпаңыз! Эмне кичинекейсизби? Орундукту чайпалтпай отуруңуз. Бул дөңгөлөк коркунучтуу, – деп апамды тынч отурууга көндүрүп жаттым!

Чынын айтсам, мен бийиктиктен корком. Жерден алыстап баратканда, жүрөгүм болк этип жатты. Күркө болсо чайпалып жатат дейсиң...

Бирок мен сабыр кылайын дедим.

– Карасаңыз, тигил жакта тоолор көрүнөт экен!

– Биздин тоолор кандай кооз! – деп апам кыйкырып жиберди.



– Акыры жерге түштүк. Биз жетелешип, андан ары жөнөдүк. Эми балмуздак жейли.

– Мен кулпунай кошулганын жейм! Шоколад менен да! О, мен сагыз даамданганын жейм!

Мен күлүп жибердим. Апам тим эле мага окшойт да!...

– Тандаңыз, – деп чоң кишидей айттым.

– Мен кулпунай жана мисте кошулганын жейм!

– Мен шоколад кошулганын жана сагыз даамдуусун жейм!



Мен агызбай, эрип калган суюгун жалап коюп отургам. Ушул жерден чоң экенимди кайра эстеп кеттим.

– Кийимиңизди булгабай этияттап жеңиз!

Апам бир нерсе дейин деди эле, балмуздактын эриген бир тамчысы кийимине тамчылап кетти.

– Айтпадым беле, этият болуңуз деп, – мен өзүмө ыраазы болгонсуп койдум.

– Мен жакшы эле жеп жаткам. Сен алаксытып жибердиңби!

– Өзүнөн-өзү эле тамбайт да! – деп наараазы болгондой түр менен.

Апам кагаз майлык менен такты тазалап кирди.

– Тезирээк жеңиз. Кетишибиз керек.



Ошол маалда апамдын маанайы түшүп калды. Андайды күткөн эмес элем.

– Мен кийимимди кирдетип алдым! Кир футболка менен кантип басам – деп апам ыйлап жиберди.

Апам чын эле ыйлап жатабы? Же жөн эле тамашалап койдубу? – деп таң кала карап калдым.

– Токтотуңуз! – деп үнүмдү сүрдүү чыгарып, өзүмдү коёрго жер таппай турдум.

Апамдын ыйлаганын көргөн эмесмин. Кайдагы бир так үчүн да киши ушинтип ыйлайбы? Кийими булганган үчүн ачууланса болот го, бирок ыйлаганы кантип болсун!




– Апа, коюңузчу! Ыйлабаңыз! – деп апамды кучактадым.

Апам да колун бетинен алып, мени кучактады.

Биз отургучта дагы бир аз отурдук.

Күндүн калган бөлүгүн жакшы өткөрдүк. Сейилдеп, аттракциондорго түштүк.

Күнүбүз кызыктуу өттү. Бирок мен аябай чарчап калдым.



Жатарда, апамдын бөлмөсүнө кирдим. Ал уктай элек экен.

– Апа, сизге дем алыш күн жактыбы? – деп сурадым.

– Мен бүгүн өзүмдү бала кезимдегидей сездим . Сага бирөө кам көрүп, сарсанаа болуп, боор ооруганы аябай жагымдуу эмеспи. Бүгүн анын баарын сен аткардың, уулум, – деди апам.

Кээ бир күндөрдү ушинтип өткөрсөк аябай жакшы болчудай. Сага чоң киши болгон жактыбы?

Мен жооп берерден мурун көпкө ойлондум.



– Аябай чарчадым. Бирок мага эмне кыларыбыз жөнүндө чечим кабыл алуу, балмуздак сатып алуу, башкаруучу болгон жакты.

– Бирок күнүгө эле апам менен орун алмаша бербей, кээде эле

УШУНДАЙ чоң болоюнчу, – дедим.

– Сен ансыз деле, өз алдынча чечим кабыл алганды билесиң. Сенсиз мен эмне кылат элем?

– Бүгүн бир бөлмөдө уктабайлыбы?. Кээде түнүчүндө корком.

Жуурканымды көтөрүп келдим. Апам экөөбүз көпкө чейин сүйлөшүп жаттык.

– Эртең иш көп. Мен мектепке, сиз жумушуңузга барышыңыз керек. Уктайлы! – дедим жылмайып дагы деле өзүмдү чоң кишидей сезип.

Бүгүнкү күнүбүз эң сонун болду!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Назгуль Кулматова
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Мавлян Канжарбек уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли